

## 2013-жылдын I кварталдын

# ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**ЖЫЛДЫН АЛГАЧКЫ ҮЧ АЙЫНДА «КУМТӨРДӨ» 2 787 кг алтын ӨНДҮРҮЛДҮ**

**САЛЫКТЫК ЖАНА БАШКА МИЛДЕТТҮҮ ТӨЛӨМДӨР 1 млрд. 440 млн. сомдон АШУУН**

**«Кумтөр»** кен ишканасы Кыргыз Республикасында жайгашкан, Борбордук Азиядагы батыш компаниясы тарабынан башкарылуучу эң ири алтын кен ишканасы болуп саналат. 1997-жылдын майында өнөр жайлык өндүрүш башталгандан 2011-жылдын 31-мартка чейин «Кумтөрдө» жалпысынан **8,7 млн. унция же 271 тоннадай алтын** өндүрүлгөн.

**«Кумтөр Оперейтинг Компани»** «Кумтөр» долбоорунун оператору болуп саналат жана бүтүндөй өндүрүштүк цикл үчүн жоопкерчилик тартат.

**«Центерра»** - бул тез өнүгүп жаткан Түндүк Америкалык компания, Борбордук Азиядагы ири батыш алтын өндүрүүчүсү. «Центерранын» акциялары Торонтодогу фондулук биржада (TSX) "CG" символу астында ачык сатыкта турат. Компания Торонто шаарында, Канадада катталган. «Кыргызалтын» ААКсы аркылуу акциялардын жалпы пакетинин 33%га жакынына ээлик кылган Кыргыз Республикасы менен катар эле, АКШнын, Улуу Британиянын, Канаданын ири инвестициялык фонддору, ошондой эле Европадан жана Түндүк Америкадан майдараак акционерлер «Центерранын» акционерлери болуп саналышат.

Азыркы учурда «Центерра» Кыргыз Республикасында жана Монголияда иштеп жаткан эки алтын кен ишканасына ээ. Андан тышкары, Компаниянын Монголиянын, Түркиянын, Кытайдын жана Россия Федерациясынын перспективалуу объектилеринде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө үлүштүк катышы бар.

Кыргыз Республикасы, «Кыргызалтын» ААКсы аркылуу «Центерранын» акцияларынын эң ири пакетинин - **77 401 766 акциянын** - 33%га жакынынын кармоочусу болуп саналат.

## «КУМТӨР» ДОЛБООРУ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| **I квартал, 31-мартка карата** | **2013** | 2012 | Өзгөрүүлөр |
|---|---|---|---|
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(унция менен[1])* | **91 617** | 62 196 | 47% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(кг менен)* | **2 850** | 1 935 | 47% |
| Сатып өткөрүүнүн орточо баасы *(унциясына АКШ доллары менен)* | **1 623** | 1 732 | (6%) |
| Алтынды «Кыргызалтынга» сатуудан түшкөн жалпы каражат *(млн. АКШ доллары менен[2])* | **148,7** | 107,7 | 38% |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы *(млн. АКШ доллары менен)* | **66,3** | 62,8 | 6% |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы *(унциясына АКШ доллары менен)* | **724** | 1,010 | (28%) |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү *(миң тонна)* | **40 184** | 30 746 | 31% |
| Казылып алынган руданын көлөмү *(миң тонна)* | **209** | 63 | 232% |
| Казылып алынган рудадагы алтындын орточо курамы *(г/т)* | **2,45** | 1,33 | 85% |
| Кайра иштетилген руданын көлөмү *(миң тонна)* | **1 473** | 1 252 | 18% |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы *(г/т)* | **2,69** | 1,98 | 36% |
| Алтынды бөлүп алуу пайызы *(% менен)* | **74,1** | 72,6 | 2% |
| Өндүрүлгөн алтын *(унция менен)* | **89 618** | 60 707 | 48% |
| Өндүрүлгөн алтын (кг менен) | **2 787** | 1 888 | 48% |
| Операциялык акчалай чыгымдар *(млн. АКШ доллары менен)* | **452** | 642 | (30%) |
| Жалпы акчалай жумшоолор* (салыктарды кемиткенге чейин) *(млн. АКШ доллары менен)* | **1 359** | 2 934 | (54%) |
| Жалпы акчалай жумшоолор (салыктарды эске алуу менен) *(млн. АКШ доллары менен)* | **1 591** | 3 183 | (50%) |
| Капиталдык жумшоолор *(млн. АКШ доллары менен)* | **102,2** | 126,2 | (19%) |
| Геологиялык чалгындоолорго чыгымдар *(млн. АКШ доллары менен)* | **2,4** | 2,2 | 9% |

** Жалпы акчалай жумшоолор (салыктарды кемиткенге чейин) өзүнө төмөнкү чыгымдарды камтыйт: операциялык акчалай чыгымдар (руданы казып алуу, кайра иштетүү, өндүрүшкө салыктар (дүң кирешеге салыкты кошпогондо) жана административдик жумшоолор), капиталды колдоп туруу жана өстүрүү (анын ичинде капиталдаштырылган кыртышты ачуу иштерине жумшоолор), геологиялык чалгындоо иштерине чыгымдар жана жамааттарга инвестициялар.*

*Компания отчеттуулукка жаңы көрсөткүчтү - «Жалпы акчалай жумшоолорду» кошууну чечти, себеби бул метод иш жүзүндөгү өндүрүштүк жумшоолор жөнүндө толугураак түшүнүктү берет деп эсептейт. «Жалпы акчалай жумшоолор» (салыктарды кемиткенге чейин) бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган нормаларына кирбейт.*

*1 – Маалымат үчүн:* ***троялык унция = 31,10348 грамм***

*2 – Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, бардык акча суммалары* ***АКШ долларында*** *келтирилген*

# «КУМТОР»ДОЛБООРУ БОЮНЧА 2013-ЖЫЛДЫН 3 АЙЫНДАГЫ САЛЫК ЖАНА МИЛДЕТТҮҮ КОТОРУУЛАР

| 2013-жылдын 31-мартына карата | Миң АКШ доллары менен |
|---|---|
| Дүң кирешеге салык | 20 030,23 |
| Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна взнос | 2 409,90 |
| Экологиялык төлөм | 310,00 |
| Киреше салыгы | 1 153,88 |
| КРнын Социалдык фондуна төлөмдөр | 5 761,25 |
| Бажы төлөмдөрү | 228,38 |
| Резидент эместердин кирешелерине салык | 130,08 |
| Башка салыктар жана милдеттүү которуулар | 19,02 |
| **Жалпысынан** | **30 042,74** |
| *31. 03. 2013-ж. карата АКШ долларынын КРнын сомуна карата расмий курсу* | *47.96* |
| **Төлөнгөн төлөмдөрдүн эквиваленти миң сом менен** | **1 440 879,74** |

***Эскертүү:*** *2009-жылдын 24-апрелиндеги "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң кирешеге салыкты жана Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондусуна взносторду эсептөө үчүн база катарында көрсөтүлгөн мезгилге продукцияны сатуудан иш жүзүндөгү акчалай түшүүлөр саналат.*

# 2013-ЖЫЛГА ПЕРСПЕКТИВАЛАР

2013-жылы өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн 55%га жакыны анын ресурстары көп жылдардан бери өндүрүштүк жүгүртүүдө турган SB зонасындагы бай руданы казып алуунун эсебинен 4-кварталга туура келет. SB зонасынан бай руда казып алуу үчүн 3-кварталдын акырында гана жеткиликтүү болот. Бул өзгөрүүлөр өндүрүштүн жалпы көлөмүндө чагылдырылбайт, ал 550 – 600 миң унциядай алтынды түзмөкчү.

Жалпы капиталдык чыгымдар, кыртышты ачуу иштерин кошпогондо, 2013-жылы 95 млн. долларды түзмөкчү, анын ичинде 64 млн. доллар негизги фондуларды модернизациялоого каражаттар түрүндө. Модернизациялоого каражаттардын эң чоң көлөмдөрү оор техника паркын кайра жабдууга (29 млн. доллар), жаңы тоо-кен техникасын сатып алууга (17 млн. доллар), калдыктарды сактоочу жайдын дамбасынын деңгээлин жогорулатууга (5 млн. доллар) жана башка долбоорлорго (13 млн. доллар) жумшалмакчы.

2013-жылы өнүктүрүүгө инвестициялар, 2013-жылга тоо-кен иштеринин планына ылайык, кен ишканасынын контурларын кеңейтүүгө байланыштуу инфраструктуранын айрым объектилерин орун которуштурууга (26 млн. доллар) жана башка долбоорлорго (5 млн. доллар) чыгымдарды кошо алганда 31 млн. долларды түзүүгө тийиш.

*«Кумтөр» Кен Ишканасындагы Өндүрүштүн Акыркы Продуктысы Доре Куймалары Болуп Саналат, Алар «Кумтөр Оперейтинг Компани», «Кыргызалтын» Аксы Жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн. Тазаланган Алтын Менен Күмүштү Кыргыз Республикасынын Аймагында Жана Анын Чектеринен Тышкары Сатып Өткөрүү Укугуна Жалгыз «Кыргызалтын» Аксы Гана Ээ.*



2013-жылдын 5-июнуна карата

**КЫРГЫЗСТАНДЫН АКЦИЯЛАРЫНЫН ПАКЕТИНИН НАРКЫ**

**319,6 млн. доллардан ашып кетти**



*«Центерра» жөнүндө кошумча маалымат SEDAR **www.sedar.com** сайтында жана компаниянын **www.centerragold.com** сайтында жеткиликтүү жайгаштырылган, ошол эле жерден 2013-жылдын I кварталынын жыйынтыктары боюнча пресс-релиздин толук тексти менен таанышууга болот.*

*«Кумтөр» компаниясы жөнүндө маалымат **www.kumtor.kg** сайтында жеткиликтүү.*

**Кумтөр Оперейтинг Компани**
**Центерра Голд Инк.**

Кыргыз Республикасы
Бишкек, 720031, Ибраимов көч., 24
Тел.: (+996 312) 90 07 07, 90 08 08
Факс: (+996 312) 90 07 28, 59 15 26

**www.kumtor.kg**
**www.centerragold.com**